КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК
КОМИССИЯСЫ

ВЫСШАЯ
АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

29-апрель 2021-ж.№ 055 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын**
**ЖАКынын президиумунун**
**2021-жылдын 29-апрелиндеги**
**№ 4-4/14 протоколу**

## Окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган диссертациялардын алдын ала коргоосун онлайн режиминде өткөрүү жөнүндө

Окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган диссертациялардын алдын ала коргоосун онлайн режиминде өткөрүү жөнүндө башкы окумуштуу катчынын баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын ЖАКынын президиуму **токтом кылат**:

Окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган диссертациялардын алдын ала коргоосун онлайн режиминде өткөрүү жөнүндө маселе окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоону регламентациялаган ченемдик укуктук актылардын негизинде чечилсин.

Covid-19 пандемиясына байланыштуу түзүлгөн санитардык-эпидемиологиялык кырдаал учурунда диссертациялык кеңештерге окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган диссертациялардын алдын ала коргоосун онлайн режиминде өткөрүүгө уруксат берилсин.